"Бекитилген"
Петровка айылдык кеңешинин
XI-чакырылышынын XXVIII
сессиясынын 2022-ж.19.04.
№45-1 Токтому.

**Петровка айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**


1.Жалпы жоболор
2.Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби
3.Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
4.Өлгөндү эске алуу, ырым жырымдарын өткөрүүнүн тартиби
5.Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын өткөрүүнү ирээтке келтирүүчү, көзөмөлдөөчүкомиссиялар жана кызмат адамдары
6.Жергиликтүү комиссия
6.Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик.


**1. Жалпы жоболор:**

1.1.Бул Жобо "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ- № 54 – Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүнүн жана салтын эске алып иштелип чыккан , жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт

1.2.Жобонун максаты Петровка айыл аймагында уй-булөлук салтанаттарды ырым – жырымдарды откөрүүнү ирээтке келтирүү, убаракерчиликке, өлук ээсин мажбурлоо, өзүн көрсөтүүгө умтулууга , башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка , элдин салт санаасын үрп адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына терс жөрөлгөлөрдүн жайылышына бөгөт койуу, элибиздин нукура салт-санаасын, ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелинет.

**2. Жобону иштеп чыгуунун , кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби.**

2.1.айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске ырым жырымдарын откоруүнүн тартиби жөнүндө Жобону иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйрмасы менен курамы айыл окмөттүн кызматкеринен, депутаттарынан, ардагерлерден, аялдар жана жаштар комитети, аксакалдар сотунун, диний уюмдар, айыл башчылар кирет.

2.2.Ушул Жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйынында талкуланат, такталарга илинет, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү сайтына

жайгаштырылат, келип түшкөн сунуштар эске алынып, иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3.Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана кеңеш тарабынан тынымсыз тааныштырылат.

**3.Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби**

3.1.Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик той, тушоо кесүү, сүнөткө отургузуу, нике кыйу, куда тосуу, мааракe салтанаттарын өткөрүүдө1 бодо мал, же 2 койдон ашык союуга жана келген конокторду саны 200 кишиден ашпоосу абзел.

3.2.Үй-бүлөлүк салтанаттар айылдарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча киргизилген чектөөлөрдү жана тыйууларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

**4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби**

4.1.Өлгөндү эске алуу( акыркы сапарга узатуу,үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө мал союуда тыйуу салынат.

4.2.Өлгөндү эске алуу ырымң-жырымдары мал союуну эске албаганда айылдарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер тартип боюнча өткөрүлөт.

**5.Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү ишке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссия жана кызмат адамдары**

Жобого ылайык үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын өткөрүүнү ишке келтирүүчү,көзөмөлдөчүү органдарга жана кызмат адамдарына айыл өкмөтүнүн башчысы, айыл башчылар, жана комиссиянын мүчөлөрү кирет.Комиссия өзүнүн ишин документтештирет.

**5.1. Жергиликтүү комиссия.**

Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө түзүлөт.Анын курамына айылөкмөтүнүн кызматкерлери, депутаттар, ардагерлер, аялдардын жана жаштардын комитети , аксакалдар сотунун , диний уюмдарынын , млмициянын окүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысы менен бекитилет.

5.2. Петровка айыл аймагынын комиссия мүчөлөрү ырым-жырым өтүп жаткан жерга барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып , анын аткарылышына көзөмөл жүргүзөт жана журналга кол тамгасын койдурат. Жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг түзөт, бузулган учурда ал жөнүндө журналга каттап акт түзүлөт. Ал тууралуу комиссияда маселе каралат, талапты бузганга карата чара көрөт.